Каралды
Директор алдындагы жыйында
Протокол № 1
21.09.2022-жыл

Бекитемин
Мектеп директору: ________
Сарытаева Д.Т.
21.09. 2022-жыл

# Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебиндеги ысык тамак боюнча жобо

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мамлекеттик жана муниципалдык мектептеринде окуучуларга тамак берүүнү уюштуруу Жалпы билим берүүчү мектептеринин 1-4-класстарынын окуучулары үчүн тамактануу Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жүргүзүлөт. (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 27-августундагы №475, 2019-жылдын 7-октябрындагы №527 токтомдорунун редакциясына ылайык)

**Тамактанууну финансирлөө**

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мамлекеттик жана муниципалдык мектептеринде 1-4-классынын окуучуларынын тамактануусун финансирлөө бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мамлекеттик жана муниципалдык мектептеринде тамактанууну уюштуруу:

**А. Жергиликтүү бийлик органдарынын жоопкерчилиги**

Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органы төмөнкүлөрдү көзөмөлдөйт:

- мектептердеги казан-аяктар, муздаткыч жана башка ашкана идиштерди жана тамак аш сактоочу жайларга шарт түзүүнү ишке ашырат;
- 1-4-классынын окуучулары күнүнө 7 сом , жылына 180 сом уюштууруну камсыз кылат;
- сүт, нан азыктарын жогоруда көрсөтүлгөн стандартка жооп берген сүт жана нан азыктарын көзөмөлдөөчү уюмду аныктайт;
- тамак берүү пункттарынын иш аракеттерин бекитет;
- мамлекеттик санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө органы менен бирдикте тамактанууну уюштуруунун санитардык-гигиеналык талаптарга жооп берүүсүн көзөмөлдөйт.

**Б. Мектеп администрациясынын жоопкерчилиги**

Мектеп администрациясы:

- окуп жаткан жеринде буфетте же ашканада окуучулардын тамактануусун уюштурат;
- ар бир класстын окуучуларынын тамактануу убактысын бекитет;
- бекитилген эреже боюнча тамактанууну уюштурууну көзөмөлдөөгө жооптуу адамды бекитет;
- ар бир окуучуга эрте мененки тамакка 1 стакан сүт, 1 булочка берүү менен тамактанууну ишке ашырат, сүт жана булочканы башка суусундук жана нан азыктары менен бирдей баада алмаштырууга жол берилет;
- өзгөчө азыктарды сактоо жайында, ошондой эле окуучулардын гигиенасын жана идиш-аяктардын сакталышын санитардык талаптарга жооп бергидей шартты түзөт.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ
ТОКТОГУЛ атындагы
№ 6 орто мектеби

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ГОРОД КЫЗЫЛ-КЫЯ
сш №6 им.ТОКТОГУЛА

**№ 5 буйруктан көчүрмө**

21.09.2022-жыл

Кызыл- Кыя шаары Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин ысык тамак боюнча жобосу жөнүндө**

Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директор алдындагы кеңешинин 2022-жылдын 21- сентябрындагы №1 протоколунун 2- чечиминин негизинде **буйрук кыламын:**

1. Мектептин ысык тамак боюнча жобосу кабыл алынсын.
2. Мектепте окуучуларга ысык тамакты уюштуруу иштери ушул жобонун негизинде түзүлсүн.
3. Мектеп администрациялары жана башталгыч класстардын жетекчилери , мектеп ашпозчулары жобо менен жакындан таанышып чыгышсын.
4. Буйруктун аткарылыша жооптуу болуп башталгыч класстар боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Тойгонбаева Б.Т. дайындалсын.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.